**Көрсөтмөлөрү**
Ашказан жана он эки эли ичегинин жара оорусу күчөгөн баскычта, анын ичинде *Helicobacter pylori* менен байланышкан түрлөрү. Өнөкөт гастрит жана гастродуоденит күчөгөн баскычта, анын ичинде *Helicobacter pylori* менен байланышкан. Негизинен ич өткөк белгилери менен коштолгон кыжырданган ичеги синдрому. Ашказан-ичеги трактынын органикалык ооруларына байланышпаган функционалдык диспепсия.

**Каршы көрсөтмөлөрү**
Бөйрөк функциясынын олуттуу бузулушу, кош бойлуулук, эмизүү мезгили, препаратка жеке чыдамсыздык.

**Курамы**
Активдүү заты: висмуттун трикалий дицитраты.
Чыгарылуу формасы: кабыкча менен капталган таблеткалар, 120 мг.

**Колдонуу ыкмасы**
Чоңдорго жана 12 жаштан жогору балдарга препаратты күнүнө 4 жолу 1 таблеткадан тамактанууга 30 мүнөт калганда жана түнкүсүн, же күнүнө 2 жолу 2 таблеткадан тамактанууга 30 мүнөт калганда дайындашат.
8-12 жаштагы балдарга препаратты күнүнө 2 жолу 1 таблеткадан тамакка 30 мүнөт калганда беришет.
4-8 жаштагы балдарга препарат суткасына 8 мг/кг дозада дайындалат; суткалык доза 2 кабыл алууга бөлүнөт. Тамакка 30 мүнөт калганда кабыл алышат.
Таблеткаларды аз өлчөмдөгү суу менен ичүү керек. Дарылоо курсу 4-8 жума. Андан кийинки 8 жуманын ичинде курамында висмут бар препараттарды колдонбоо керек.
*Helicobacter pylori* эрадикациясы үчүн Де-Нолду антихеликобактердик активдүүлүгү бар башка антибактериалдык каражаттар менен айкалыштырып колдонуу максатка ылайыктуу.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Препаратты 8 жумадан ашык колдонууга болбойт. Дарылоо учурунда чоңдор жана балдар үчүн белгиленген суткалык дозадан ашырбоо сунушталат. Де-Нол менен дарылоо маалында курамында висмут бар башка препараттарды колдонууга болбойт. Сунушталган дозаларда курстук дарылоодон кийин активдүү заттын кан плазмасындагы концентрациясы 3-5,8 мкг/лден ашпайт, ал эми уулануу 100 мкг/лден жогору концентрацияда гана байкалат. Де-Нолду колдонууда висмут сульфидинин пайда болушуна байланыштуу заң кара түскө боёлушу мүмкүн. Кээде тилдин бир аз карарышы байкалат.

**Башка препараттар менен өз ара аракеттениши**
Де-Нолду кабыл алуудан 30 мүнөт мурун жана кийин башка дары каражаттарын ичүүгө, ошондой эле тамак-ашты жана суюктуктарды (айрыкча антациддерди, сүттү, жемиштерди жана жемиш ширелерин) кабыл алууга сунушталбайт. Себеби алар бир убакта кабыл алынганда Де-Нолдун эффективдүүлүгүнө таасир тийгизиши мүмкүн.

**Терс таасирлери**
Тамак сиңирүү системасы тарабынан: жүрөк айлануу, кусуу, заңдын бат-баттан чыгышы же ич катуу болушу мүмкүн. Бул көрүнүштөр ден соолукка коопту эмес жана убактылуу мүнөзгө ээ.
Аллергиялык реакциялар: териде бүдүрчөлөр, теринин кычышуусу.
Узак убакыт жогорку дозада колдонууда - борбордук нерв системасында висмуттун топтолушуна байланышкан энцефалопатия.